«БЕКИТЕМИН»

Кыргыз Республикасынын Улуттук
Илимдер Академиясынын мамлекет
жана укук институтунун директорунун м.а.,
с.и.д, проф. Мамытов Т.Б.

«10» 04 2025 ж.

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУНУН (МАМЛЕКЕТТИК-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨ ЖАНА ЭКСПЕРТИЗА БӨЛҮМҮ, МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК БАШКАРУУ ЖАНА ЭКСПЕРТИЗА БӨЛҮМҮ, САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ЖАНА ЭКСПЕРТИЗА БӨЛҮМҮ) КЕҢЕЙТИЛГЕН ЖЫЙЫНЫНЫН

## № 5 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ

**Бишкек шаары** **2025 ж. 08 -апрели**

**Катышкандар:** Жыйындын төрайымы – Мамлекет жана укук институтунун, мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмүнүн башчысы, ю.и.к. Калиева Г.У. (12.00.01); ю.и.д., профессор Джоробекова А.М. (12.00.08), ю.и.д., доцент Жумабекова А.Т. (12.00.01), ф.и.к. Шаршебаева Т.А., э.и.д., профессор Джаилов Дж.С., Мукамбетова Н.К.

**Чакырылгандар:** КР УИА мүчө-корреспонденти, ю.и.д., профессор Шерипов Н.Т. (12.00.14), ю.и.д., профессор Базарбаев Э.Б. (12.00.14), ю.и.д., доцент Аманалиев У.О. (12.00.02), ю.и.д., профессор Муратбекова С.М. (12.00.02), ю.и.к., доцент Кубатов И.К. (12.00.01); ю.и.к. Сагыналиева В.Ж. (12.00.02), ю.и.к. Мамасаидов А.М. (12.00.02), ю.и.к., доцент Соттимкулов М.А. (12.00.01)

**Төрайым:** ю.и.к. Калиева Г.У.
**Окумуштуу катчы:** Мукамбетова Н.К.
**Изденүүчү:** Кыдыралиев Жаныбек Болотович
**Жалпы катышуучулар:** 15

## КҮН ТАРТИБИ

12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу**

**жана уюштуруучулук негиздери»** темасындагы диссертациялык ишин талкуулоо жана 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасын бекитүү.

**Илимий жетекчи:** ю.и.д., доцент Аманалиев У.О.

**Талкууга коюлган диссертациянын рецензенттери:**

ю.и.д., профессор Муратбекова С.М. (12.00.02);

ю.и.к., доцент Мамасаидов А.М. (12.00.02);

ю.и.к. Абдраманов А. (12.00.02);

**УГУЛДУ:**

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Урматтуу кесиптештер! Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун Мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмүнүн бүгүнкү отуруму Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» темасындагы диссертациялык ишин талкуулоо жана 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасын бекитүү.

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» деген темадагы диссертациялык ишти талкуулоого жана коргоого сунуштарды берүүгө багытталган.

Изденүүчү Кыдыралиев Жаныбек Болотович тууралуу кыскача маалымат бере кетейин. Билими жогорку, 2018-жылы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Юридикалык факультетин аяктаган, ошол эле жылы Россия Федерациясынын Россия элдер достугу университетине тапшырып 2020 жылы ийгиликтүү аяктаган, андан соң Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясын 2023 жылы аяктаган.

Изденүүчү Ж.Б. Кыдыралиевдин илимий жетекчиси, юридика илимдеринин доктору (12.00.02), доцент Аманалиев У.О. Учурда Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин профессору болуп эмгектенет.

Диссертациялык эмгек Ж.Б. Кыдыралиев тарабынан жеке түрдө аткарылгандыгын, ошондой эле коргоого коюлган негизги жоболору өз алдынча иштелип чыккандыгын *изденүүчүнүн жеке салымы* катары кароого болот.

*Изилдөөнүн практикалык жана теориялык маанилүүлүгү* талашсыз. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактарды жана алардын негизинде иштелип чыккан сунуштарды, иштелип чыккан теориялык жоболорду жана тыянактарды ата мекендик конституциялык жана

жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүүдө, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде колдонууга мүмкүн.

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» деп аталган диссертациялык темасы боюнча изилдөө иши 2022-жылдын 18-январындагы №12 Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен бекитилген «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» жобонун талаптарына жооп берет.

Диссертациянын негизги натыйжалары өлкө ичиндеги жана чет мамлекеттерди рецензияленуучу басылмаларда жарыяланган 8 илимий макалаларда чагылдырган.

Таанышуу жана изилдөө үчүн диссертациянын жана автореферattтын текстиси басып чыгарылып, сиздерге алдын ала таркатылып берилген.

Бүгүнкү жыйынды өткөрүүгө кворум бар, эгерде сиздерде сунуштар жок болбосо, анда изденүүчү Кыдыралиев Жаныбек Болотовичке сөз берүүгө уруксат бериңиздер.

**Изденүүчү Ж.Б. Кыдыралиев:** Урматтуу төрайым! Урматтуу жыйындын катышуучулары! Менин, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» темасындагы 12.00.02-конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишимди талкуулоого мүмкүнчүлүк түзүп бергениңиздер үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугуна токтолууга уруксат этиңиздер.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу — Кыргыз Республикасынын башкаруу системасындагы маанилүү звеносу катары, элдин бийлик жүргүзүү, башкаруунун децентрализациясын камсыз кылуу жана калкка жеринде кызмат көрсөтүүдө, жергиликтүү калктын кызыкчылыктарын коргоо принциптеринин ишке ашырылышын камсыз кылат. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу, Конституцияда бекитилген нормаларга ылайык, жергиликтүү коомчулуктар тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жүргүзүлөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнүгүшү жана иштеши коомду демократиялаштыруу, мыйзамдуу мамлекеттин негиздерин чыңдоо жана жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлдерде башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу менен байланыштуу. Белгилей кеткен максатка жетүү үчүн, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз карандысыздыгын, туруктуулугун жана натыйжалуулугун

камсыздоо үчүн алардын конституциялык-укуктук статусу жана уюштуруу принциптери маанилүү роль аткарат.

Бул контекстте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана уюштуруу негиздерин так аныктоо өтө маанилүү компонент болуп эсептелет. Демек, башкарууну модернизациялоо жана санариптештирүү шарттарында, глобалдашуу процесстеринин күчөшү жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарылдыгы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук жөнгө салуусун өркүндөтүү маанилүү болуп саналат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук кызматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү, жарандарды башкарууга тартуу жана социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуу сыяктуу функцияларды аткарышат. Бирок, укуктук жөнгө салуудагы кемчиликтер, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларынын кайталанышы, ошондой эле ресурстарды чектөөлөр көп учурда бул максаттарга жетүүгө кедергисин тийгизет.

Глобалдашуу мезгилинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу эл бийлигин ишке ашыруунун негизги механизми болуп, демократиялык системанын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (мындан ары - ЖӨБ) аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө көмөктөшүү менен, жергиликтүү деңгээлде башкарууну камсыздап, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө маанилүү роль ойнойт.

Кыргыз Республикасы өзүн демократиялык укуктук мамлекет катары жарыялап, жергиликтүү өз алдынча башкарууну мамлекеттик бийликтин өз алдынча институту катары бекитип, анын Конституция менен кепилденген иштешин камсыз кылган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине ылайык, өлкө унитардык түзүлүшкө ээ, бул башкаруунун борборлоштурулган натурасын аныктайт. Ошондой эле, Конституция децентрализация принциптерин бекитип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз алдынча ыйгарым укуктарды берүүгө жана алардын иштешин коргоо боюнча кепилдиктерди камсыз кылууга жол ачат.

Ошентсе да, конституциялык-укуктук кепилдиктердин болушуна карабастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын практикалык ишмердүүлүгүндө бир катар көйгөйлөр бар:

- Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын так бөлүштүрүүнүн жоктугу, бул өз кезегинде функциялардын кайталанышына жана укуктук коллизияларга алып келет;
- ЖӨБ органдарынын мамлекеттик бюджетке көз карандылыгы, алардын өз алдынчалыгын жана натыйжалуулугун чектейт;
- Административдик-аймактык түзүлүштөгү кемчиликтер, 2023-2024-жылдардагы административдик-аймактык реформанын (ААР) жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөр;

- Муниципалдык кызматкерлердин жетишсиздиги жана алардын кесиптик даярдыгынын жоктугу жергиликтүү башкаруунун сапатын төмөндөтөт;
- Аймактардын тең эмес өнүгүшү жана алыскы аймактарда мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга чектелген жеткиликтүүлүк.

2024-жылы жүргүзүлгөн административдик-аймактык реформа административдик бирдиктердин ирилештирилишин жараткан жана Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын түп тамырынан бери өзгөрттү. Бирок бул процесс жергиликтүү жамааттардын башкаруу шарттарына ыңгайлашуусун, ыйгарым укуктарды жана ресурстарды кайра бөлүштүрүүнү талап кылган, ошондой эле укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча жаңы чакырыктарды жаратты.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана алардын уюштуруучулук негиздерин изилдөө Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну мындан ары өнүктүрүү үчүн актуалдуу гана эмес, өтө зарыл болуп саналат.

Жогоруда айтылгандарга негизделген диссертациялык изилдөөнүн темасынын маанилүүлүгүн бир нече факторлор аныктайт. Биринчиден, жергиликтүү өз алдынча башкаруу демократиянын негизги институттарынын бири болуп, жарандардын жергиликтүү иштерди башкарууга активдүү катышуусун камсыз кылат. Экинчиден, мамлекеттик башкарууну реформалоо шартында, Кыргыз Республикасынын аймактык реформасын айылдык аймактарда ишке ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында алардын уюштурулушун жана иштешин кайрадан карап чыгуу зарылдыгы келип чыгууда. Үчүнчүдөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын нормативдик жөнгө салуу жана уюштуруу түзүмүндөгү учурдагы көйгөйлөр системалуу илимий талдоону жана чечимдерди иштеп чыгууну талап кылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун карап жатканда, аларга берилген ыйгарым укуктар системасын терең изилдөө маанилүү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү, негизинен, алардын ыйгарым укуктарынын так жана туура жөнгө салынгандыгына байланыштуу, башкача айтканда, нормативдик укуктук актыларда алардын так ыйгарым укуктары, иштөө чектери жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө аткарууга милдеттендирилген тапшырмалар менен байланыштуу жоопкерчилик белгилениши керек.

Жогоруда айтылгандарга негизделгенде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун бекитүү жана алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык иш жүзүндө ишке ашырылышы, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук негиздерин мыйзамдарга так негизде ишке ашыруу

маселелери илимий-изилдөө иштеринде терең талданып, чагылдырылышы керек.

**Теманын актуалдуулугун иштеп чыгуу даражасы.** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери көптөгөн чет элдик окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн объектиси болуп келген жана азыр да изилденүүдө, ал эми бул маселе Кыргыз Республикасынын шарттарында жергиликтүү муниципалисттер жана конституционалисттер тарабынан да изилденген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселеси чет өлкөлүк жана ата мекендик юридикалык илимде изилденүүчү предмет болуп саналат. Россияда жана башка КМШ өлкөлөрүндө бул маселени Авакьян С.А., Кокотов А.Н., Шугрина Е.С., Балыхин А.Г., Игнатюк Н.А., Кудилинский М.Н., Чебоксаров П.А., Мокеев М.М., Карабасов С.Ю., Чихладзе Л.Т. сыяктуу окумуштуулар изилдеп, муниципалдык башкаруу теориясын өнүктүрүүгө олуттуу салым кошушкан.

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу Шадыбеков К.Б., Рысмендеев Б.Д., Айтахунов Б.К., Дуйшеналиева А.Дж., Дубанаев Б.С., Татенов М.Б., Аманалиев У.О., Кубатов И.К., Акматалиев А. А., Дуйшо к.Н., Токтобаев Б.Т., Карабалаева С.Б., эмгектеринде изилденген, бирок административдик-аймактык реформа жана башкаруу системасындагы өзгөрүүлөр шартында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусун комплекстүү изилдөө жетиштүү деңгээлде иштелип чыга элек. Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каржылык өз алдынчалыгы, мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү механизмдери, ошондой эле административдик-аймактык түзүлүштү реформалоонун натыйжасында пайда болгон көйгөйлөр дагы тереңирээк талдоону жана ой жүгүртүүнү талап кылат.

**Изилдөөнүн ченемдик укуктук базасын** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мамилелерди түз же кыйыр түрдө жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылар түзөт, алардын катарына Кыргыз Республикасынын Конституциясы, конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтомдору, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга карата Улуттук өнүгүү стратегиясы кирет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаттары жана милдеттери.** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун комплекстүү талдоо жана алардын укуктук жөнгө салуусун жана уюштуруучулук негиздерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

**Бул изилдөө максаттарын ишке ашыруу төмөнкү милдеттерди түзүүгө жана чечүүгө алып келди:**

1) Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түшүнүгүн, белгилерин жана маңызын аныктоо.

2)Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн негизин түзгөн конституциялык принциптерди изилдөө;

3)Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнүн конституциялык-укуктук негиздерин пайда болуусун жана өнүгүүсүн талдоо.

4)Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмүн жана ыйгарым укуктарын изилдөө менен аларга карата сунуштарды иштеп чыгуу.

5)Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар менен чектешүүсү боюнча укуктук көйгөйлөрдү аныктоо жана мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарга талдоо жүргүзүү.

6)Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү мыйзамдуулуктун акарылышын, тартиптин сакталышын жана жоопкерчиликке тартуунун укуктук негиздерин жана андагы көйгөйлөрдү аныктоо.

7)Административдик-аймактык реформанын жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында пайда болгон көйгөйлөрдү изилдөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

8)Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган мыйзамдык актыларды изилдөө жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууДиссертациялык изилдөөнүн объектиси болуп

**Изилдөөнүн предмети болуп** Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук макамы, алардын ыйгарым укуктары, уюштуруучулук түзүмү жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү механизмдери саналат.

Башкача айтканда, изилдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик-укуктук нормаларды, алардын функцияларын, жоопкерчилигин жана коомдук башкаруу тутумундагы ролун, ошондой эле укуктук жөнгө салуудагы көйгөйлөрдү жана аларды чечүү жолдорун камтыйт.

**Изилдөөнүн усулдук негиздери.** Изилдөөнүн методологиялык негиздери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук макамын ар тараптуу изилдөөгө, учурдагы көйгөйлөрдү аныктоого жана аларды чечүү жолдорун сунуштоого мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн усулдук негиздери укуктук жана коомдук кубулуштарды иликтөөнүн жалпы илимий жана жеке илимий методдорунун колдонулушуна негизделет.

Иште төмөнкү усулдар колдонулган:

- Диалектикалык усул – жергиликтүү өз алдынча башкарууну коомдук өнүгүү процессинин алкагында талдоо, өз ара байланыштар менен мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо үчүн.
- Системалык усул – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын мамлекеттик башкаруу системасынын бир бөлүгү катары кароо үчүн.
- Тарыхый-укуктук усул – Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүү тарыхын изилдөө үчүн.
- Салыштырмалуу-укуктук усул – Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагындагы мыйзамдарын талдоо үчүн.
- Формалдык-юридикалык усул – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу укуктук нормаларды иликтөө үчүн.
- Социологиялык усул – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги практикалык көйгөйлөрдү, калк жана мамлекеттик органдар менен болгон өз ара аракеттенүүсүн аныктоо үчүн.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Диссертациянын жаңылыгы административдик-аймактык реформа шарттарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусун комплекстүү изилдөөдө жана мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууда жатат.

Диссертациялык изилдөөдө укуктук мамлекетти, жарандык коомду калыптандырууда жана демократиянын иштешинде пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин ачууда жергиликтүү башкаруу органдарын жөнгө салган ченемдик укуктук актылар талданып, мындагы мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталды.

Ошондой эле, изилдөөнүн илимий жаңылыгы коргоого коюлган бардык жоболор, эмгекте чыгарылган жыйынтыктар, корутундулар абсолюттук түрдө жаңы экендиги менен чагылдырылат.

**Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар ата мекендик конституциялык жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамдарды өркүндөтүүдө, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде колдонулушу мүмкүн. Диссертацияда камтылган жоболор жогорку окуу жайларында конституциялык укук, административдик укук, муниципалдык укук дисциплиналарды окутууда, ошондой эле башкаруу ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздерин, муниципалдык укуктун актуалдуу көйгөйлөрү сыяктуу курстарда, ошондой эле аталган дисциплиналар боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоодо колдонулмакчы.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо жана ишке киргизүү**. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары илимий басылмаларда, анын ичинде УАКтын тизмесинде сунушталган рецензияланган алдыңкы илимий журналдарда чагылдырылган.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын «конституциялык укук», «муниципалдык укук» дисциплиналарын окутуу үчүн окуу процессине киргизилген жана диссертант тарабынан жогоруда аталган курстар боюнча лекцияларды окууда жана практикалык сабактарды өткөрүүдө колдонулган.

Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат! Суроолор болсо жооп берүүгө даярбыз.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Изденүүчүнүн баяндамасын уктук. Диссертацияны окуп чыккандар өз пикириңиздерди билдирип, суроолоруңуздар болсо бериңиздер. Урматтуу Арзыгуль Мамаюнусовна сөз сизде.

**Ю.и.д., профессор, Джоробекова А.М.:** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Изденүүчү Жаныбек Болотовичтин диссертациясын карап чыктым. Тандап алган темасы бүгүнкү күндө юридикалык илим үчүн абдан актуалдуу болуп саналат. Диссертация абдан жакшы жазылган. Менде изденүчүүгөө 3 суроом бар. *Биринчи суроо.* Кайсы жогорку окуу жайын бүттүңүз эле? *Экинчи суроо.* Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун изилдөөнүн актуалдуулугу эмнеде? *Үчүнчү суроо.* Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук жөнгө салуусунда кандай негизги көйгөйлөр бар?

**Изденүүчү Кыдыралиев Ж.Б.:** Рахмат, Арзыгуль Мамаюнусовна! *Биринчи суроо* боюнча жооп берсем. Билимим жогорку, 2018-жылы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Юридикалык факультетин аяктагам, ошол эле жылы Россия Федерациясынын Россия элдер достугу университетине тапшырып 2020 жылы ийгиликтүү аяктагам, андан соң Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясын 2023 жылы аяктагам. *Экинчи суроо* боюнча изилдөө актуалдуу, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кыргыз Республикасындагы башкаруу системасынын маанилүү элементи болуп саналат. 2023-2024-жылдары жүргүзүлгөн административдик-аймактык реформалардын шартында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук жөнгө салуусун өркүндөтүү зарыл. *Үчүнчү суроо* боюнча Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук жөнгө салуусунда негизги көйгөйлөр: 1)Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары так бөлүштүрүлбөгөндүктөн, функциялардын кайталанышы жана укуктук коллизиялар пайда болот. 2)ЖӨБ органдары мамлекеттик бюджетке

көз карандылыгы жогору болгондуктан, алардын өз алдынчалыгы чектелет.
3)Муниципалдык кызматкерлердин кесиптик даярдыгы жетишсиз.
4)Жергиликтүү бийлик органдарынын мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруусунда каржылык жетишсиздик бар.

**Ю.и.д., профессор, Джоробекова А.М.:** Рахмат Жаныбек Болотович. Башка суроом жок. Диссертацияңызды ийгиликтүү коргоп алышыңызды гана каалайм.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Рахмат Арзыгуль Мамаюнусовна! Дагы кимде кандай суроолор бар? Сөз Турдукан Абдыкарыевнага.

**Ю.и.д., доцент Жумабекова Т.А.:** Рахмат! Мен диссертацияны окуп чыктым. Абдан жыкшы жазылган, актуалдуулугу талашсыз. Изденүүчүгө бир эле суроом бар. Жаныбек Болотович айтыңызчы 2023-2024-жылдардагы административдик-аймактык реформа жергиликтүү өз алдынча башкарууга кандай таасир тийгизди?

**Изденүүчү Кыдыралиев Ж.Б.:** Турдукан Абдыкарыевна суроонузга рахмат. Реформа муниципалдык түзүмдөрдү ирилентип, муниципалдык кызматкерлердин санын кыскартты. Бул бюджетти оптималдаштырган менен, ыйгарым укуктарды кайра бөлүштүрүү, кадрлардын жетишсиздиги жана жаңы шарттарга ыңгайлашуу сыяктуу көйгөйлөрдү жаратты. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын жакшыртуу жана муниципалдык органдардын муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров тарабынан «Кыргыз Республикасынын айыл аймактары жана шаарлары деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгы чыгарылды, ал ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейин өнүктүрүү боюнча Улуттук программасында аныкталган милдеттерди чечүүгө багытталган.

Административдик-аймактык реформа жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндө кездешкен жана жаңы пайда болгон төмөнкү көйгөйлөрдү белгилөөгө мүмкүн:

1)Борбордук бюджетке каржылык көз карандылык:

Өз кирешелеринин жетишсиздиги. Көпчүлүк муниципалитеттерде өз кирешелери өтө төмөн, бул республикалык бюджеттен субвенцияларга көз карандылыкка алып келет. Финансылык кудуретсиздик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына социалдык жана экономикалык милдеттерди натыйжалуу чечүүгө мүмкүндүк бербейт.

Чектелген салык түшүүлөрү. Салык системасы жана салыкты республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүү муниципалитеттер үчүн жетиштүү түшүүлөрдү камсыз кылбайт. Бул долбоорлорду ишке ашырууда жана инфраструктураны жакшыртууда олуттуу кыйынчылыктарды жаратат.

Инвестиция тартуудагы кыйынчылыктар. Көптөгөн муниципалитеттер жергиликтүү бизнести өнүктүрүү үчүн стимул берүү механизмдери жана

укуктук негиздердин жетишсиздигинен улам жеке инвестицияларды тартууда кыйынчылыктарга дуушар болушат.

2)Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын чектелиши:

Функцияларды бөлүштүрүүнүн так эместиги. Көп учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана борбордук бийлик органдарынын ыйгарым укуктарынын чектери так аныкталбайт. Бул ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүнүн бүдөмүк болушу, эки тараптын иш алып барууда кайчы кызыкчылыктарга жана жоопкерчилик чегинин айкын эмес болушуна алып келет. Натыйжада, ошол эле функциялардын кайталанышына, ар кандай башкаруу деңгээлинде топтолгон иштердин ыраатсыз бөлүштүрүлүшүнө жана чечим кабыл алууда конфликттерге жол ачылат. Ошондой эле, бул түшүнбөстүктөрдүн натыйжасында, жергиликтүү деңгээлде көйгөйлөрдү чечүү процессинин кечеңдеши жана башкаруунун натыйжасыздыгы болушу мүмкүн.

Чектелген укуктук ыйгарым укуктар. Көпчүлүк учурда, жергиликтүү органдар кабыл ала турган чечимдер борбордук органдардын макулдугун талап кылат, бул болсо жергиликтүү башкаруунун эркиндигин чектейт. Мындай тартип жергиликтүү деңгээлде оперативдүү жана натыйжалуу иш алып барууга тоскоолдук кылып, жергиликтүү муктаждыктарды жана өзгөчөлүктөрдү эске алуу мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт.

Квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына коюлган милдеттерди сапаттуу аткара ала турган кадрлар көбүнчө жетишпейт. Бул өзгөчө алыскы райондордо курч сезилет, анда квалификациялуу адистерди тартууда кыйынчылыктар жаралат.

3)Социалдык жана инфраструктуралык багыттагы көйгөйлөр:

Инфраструктуралык базанын алсыздыгы. Көптөгөн аймактар кемчиликсиз иштөө үчүн жетиштүү инфраструктурага ээ эмес – бул жолдор, байланыштар, социалдык объектилер. Каржылык каражаттардын жоктугунан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаңы инфраструктураны модернизациялай албайт же куруп бере албайт.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Рахмат Турдукан Абдыкарыевна! Дагы кимде кандай суроолор бар? Сөз Джумабек Сатаевичке.

**Э.и.д, профессор Джаилов Дж.С.:** Сиздин изилдөө темаңызга карата менде бир суроо жаралды. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдар менен кандайча өз ара аракеттенет? Ушул суроого жооп берип койсоңуз?

**Изденүүчү Кыдыралиев Ж.Б.:** Абдан маанилүү суроо бердиңиз, сизге ыраазычылык билдирем. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоону андан ары жакшыртуу үчүн бир катар практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдар менен өздүк жана өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу аркылуу

кызматташат. Бул кызматташуу бир нече негизги багыттарда жүзөгө ашырылат: Мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына социалдык камсыздоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана экология сыяктуу тармактардагы кээ бир ыйгарым укуктарды өткөрүп берет.

Мисалы, муниципалдык бийликке мектептерди, ооруканаларды башкаруу же аймактык экологиялык долбоорлорду жүзөгө ашыруу милдеттери тапшырылышы мүмкүн. Бирок бул ыйгарым укуктарды ишке ашыруу көбүнчө жетишсиз каржылоо жана кадрдык ресурстардын жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөргө туш келет. Экинчиден биргелешкен башкаруу жана көзөмөл механизми аркылуу. Тактап айтканда, ЖӨБ органдары мамлекеттик бийлик органдарынын саясатына ылайык аймактарды өнүктүрүү боюнча программаларды иштеп чыгат жана аларды ишке ашырууда өкмөттүк органдар менен биргеликте иш алып барат. Мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынган чечимдер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү болгон учурларда, аларга эксперттик корутунду берүү жана сунуштарды киргизүү укугу бар.

Ошондой эле мамлекеттик органдар ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүү жана алардын мыйзамдарды сактоо деңгээлин контролдоо милдетине ээ. ЖӨБ органдары мамлекеттик саясаттын жергиликтүү деңгээлде ишке ашырылышына көмөк көрсөтөт. Алар мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынган ченемдик укуктук актыларды жергиликтүү деңгээлде аткарууга милдеттүү. Ошол эле учурда, айрым мыйзамдардын ЖӨБ органдары үчүн жетишсиз тактыгынан жана шайкеш келбестигинен улам укуктук коллизиялар пайда болот.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик органдар чогуу иш алып барган өнөктөштөр катары каралышы керек. Бирок, алардын ортосундагы ыйгарым укуктарды так бөлүштүрүүнүн жоктугу, финансылык көз карандылык жана мыйзамдардын жетишсиз тактыгынан улам укуктук коллизиялар жаралып, кызматташтыкта кыйынчылыктар орун алууда. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн конституциялык жана мыйзамдык реформалар, ЖӨБ органдарына каржылык жана кадрдык ресурстарды көбүрөөк берүү, ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү бийликтин координациясын жакшыртуу талап кылынат.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Рахмат Джумабек Сатаевич! Дагы кимде кандай суроолор бар? Эгер суроолор жок болсо, менде изденүүчүгө эки суроом бар эле. *Биринчи суроо:* Бул тема боюнча келечекте кандай илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү маанилүү деп эсептейсиз? Экинчи суроо: Изилдөө ишиңизде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын жоопкерчилигин эки позициядан кароо керектигин так белгилептирсиз, ошол боюнча айтып койсонуз, кандай эки позициядан каралышын белгилегенсиз?

**Изденүүчү Кыдыралиев Ж.Б.:** Рахмат суроонузга. *Биринчи суроо боюнча:* Келечектеги илимий изилдөөлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук макамын өркүндөтүүгө, башкаруу системасын

натыйжалуу кылууга жана анын өнүгүү стратегиясын түзүүгө багытталууга тийиш. Алгач, дүйнөлүк практикадагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар кандай моделдерин терең изилдөө зарыл, анткени айрым өлкөлөрдүн тажрыйбасын Кыргызстанга адаптациялоо аркылуу башкаруу механизмдерин жакшыртууга болот. Мисалы, Франциянын децентрализация моделин же Германиянын коммуналдык автономиясы сыяктуу натыйжалуу моделдерди карап чыгуу маанилүү. Бул изилдөө жергиликтүү башкаруунун кайсы аспектиси эл аралык стандарттарга шайкеш келерин жана кайсынысын адаптациялоо керектигин аныктайт.

Ошондой эле, ЖӨБ органдарынын санариптештирүү процессин терең изилдөө учур талабы. Электрондук башкаруу, концепциясы жана санариптик муниципалитеттердин өнүгүүсү башкарууну ачык-айкын кылууга өбөлгө түзөт. Азыркы учурда бюрократиялык тоскоолдуктар, маалыматтардын жабыктыгы жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү маселелери курч бойдон калууда. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн санариптик башкаруу технологияларын өнүктүрүү жана жергиликтүү деңгээлде «Бирдиктүү терезе» принцибин киргизүү зарыл.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну узак мөөнөттүү өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу да маанилүү. 2040-жылга чейин децентрализацияны тереңдетүү, аймактардын каржылык көз карандысыздыгын жогорулатуу, жарандардын жергиликтүү бийликке катышуусун күчөтүү жана экологиялык туруктуулук маселелерин чечүү боюнча конкреттүү кадамдарды аныктоо зарыл. Бюджеттик жана кадрдык ресурстарды туура бөлүштүрүү, жергиликтүү кеңештердин ачыктыгын камсыз кылуу жана ЖӨБ кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу да бул стратегиянын негизги багыттары болушу керек.

Мындан тышкары, 2023-2024-жылдардагы административдик-аймактык реформанын узак мөөнөттүү таасирин иликтөө да чоң мааниге ээ. Реформа аймактык башкарууну ирилештирип, бюджеттик чыгымдарды кыскартуу максатында жүргүзүлгөн, бирок анын натыйжалары боюнча терең изилдөө жүргүзүү керек. Жергиликтүү башкаруу сапаты жакшырдыбы же тескерисинче начарладыбы, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр элге жеткиликтүү болдубу, аймактар каржылык жактан күчтөндүбү же жаңы көйгөйлөр жаралдыбы – ушул сыяктуу суроолорго жооп берүү талап кылынат. Реформанын узак мөөнөттүү натыйжаларын талдоо келечектеги өзгөртүүлөр үчүн негизги илимий база болуп бере алат.

Жыйынтыктап айтканда, келечектеги илимий изилдөөлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук жана уюштуруучулук негиздерин өркүндөтүүгө, финансылык жана кадрдык маселелерди чечүүгө, башкаруу системасын санариптештирүүгө жана аймактык реформалардын таасирин талдоого багытталууга тийиш. Бул изилдөөлөрдүн натыйжалары Кыргыз Республикасында жергиликтүү демократиянын өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, башкаруу тутумунун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

*Экинчи суроо боюнча:* Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын жоопкерчилигин коллегиалдык жана жеке позициядан кароо туура көрүнөт. Анткени өкүлчүлүктүү органдар коллективдүү орган болгондуктан, алардын мыйзамсыз чечимдерди кабыл алуу, аракеттер жана аракетсиздик үчүн жоопкерчилиги да коллегиалдык болуп саналат, ал эми жоопкерчилик мыйзамда каралган тартипте жергиликтүү кеңештин таркатылышы түрүндө болушу мүмкүн. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, «эгерде сот тарабынан ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттеринин фактысы аныкталса, Президент жергиликтүү кеңешти таркатууга жана кеңештин жаңы курамына шайлоо жарыялоого укуктуу» деп келген.

Өзүнчө жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлчүлүктүү органдарынын кызмат адамдарынын мөөнөтүнөн мурда ыйгарым укуктарын токтотуу, тартиптик, кылмыш-жаза же башка түрдөгү жоопкерчиликке тартуу болуп саналат. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» мыйзамдын 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн 9 жана 10-пункттарында депутаттын ыйгарым укуктарын токтотуунун негиздери келтирилген, алар жоопкерчилик категориясына кирет. Ошол себептерден улам жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда төмөнкү учурларда токтотулат:

- ага карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде. Бул чараны жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамынын жоопкерчилиги катары классификациялоого болот, эгерде кызматтык кылмыш жасалса, бирок башка мүнөздөгү кылмыш жасалган учурда эмес.
- жергиликтүү кеңештин жыйындарына бир жыл ичинде төрт жолудан ашык негизсиз себептер менен катышпоо. Бул норма жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын аларды шайлаган элдин кызыкчылыктарын коргоо боюнча жүктөлгөн милдеттерин аткарбагандыгы үчүн эл алдында жоопкерчилик чарасы болуп саналат.

**Ю.и.к., Калиева Г.У.:** Менде бир аз кошумчалар бар эле, уруксаат берсеңиздер ошолорду айтып коёюн. Биринчиден, диссертациялык иш мамлекеттик тилде жазылгандыгы үчүн колдойм. Экинчиден, тема абдан туура тандалган, актуалдуулугунда маселе жок. Бүгүнкү күндө Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык макамына байланыштуу болгон комплекстүү юридикалык изилдөө иши керек. Бул жагынан алганда сизди колдойм.

Диссертацияңыз абдан маанилүү. Илимий жетекчиңиз дагы жакшы иштегендиги көрүнүп турат. Мен колдойм. Дагы бир жолу айтып коёюн. Талкуунун катышуучулары, рецензенттер дагы азыр өздөрүнүн жакшы ой-пикирлерин айтат болуш керек. Ийгиликтүү жактап алыңыз.

**Изденүүчү Кыдыралиев Ж.Б.:** сизге ыраазычылык билдирем!

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Изденүүчүгө дагы суроолор барбы? Башка суроо жок. Анда кийинки сөздү илимий жетекчиси ю.и.д., доцент, Аманалиев Урмат Олжобековичке берели.

**Илимий жетекчи ю.и.д., доцент, Аманалиев У.А.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары! Сиздердин карооңуздарга сунушталып жаткан Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин диссертациялык иши менин илимий жетекчилигимдин алдында даярдалды. Изилдөө темасы тандалган учурдан тартып анын түзүмүн бекитүү, максаттары менен милдеттерин аныктоо, ошондой эле жактоого чыгарылуучу негизги жоболорду иштеп чыгуу боюнча изденүүчү менен үзгүлтүксүз жана тыгыз иш алып бардык. Диссертациялык изилдөөнүн алкагында илимий кызматташтыгыбыздын жыйынтыгында темага байланыштуу биргелешкен илимий макала жарыяланды.

Ушул диссертациянның тиркемесинде Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө жаны мыйзам долборун сунуштап атавыз, демократиялык принциптерди так сакталышы үчүн жана Конституциянын 4 беренесинде каралгандай мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын жана функцияларынын ажыратылышын эске алып, жергиликтүү башкаруунун аткаруучу органдарынын башчыларын шайлоо аркылуу жана жергиликтүү башкаруунун өкүлүлүктүү органдарынын макулдугу менен дайындалышын сунуш катары киргизип атабыз.

Аталган диссертациялык иш Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук макамын жана алардын уюштуруучулук негиздерин ар тараптуу талдап, илимий жактан негиздеген маанилүү эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн актуалдуулугу – ЖӨБ органдарынын укуктук макамы боюнча азыркы учурдагы көйгөйлөрдү, административдик-аймактык реформанын таасирин жана жергиликтүү башкаруунун укуктук жөнгө салынышындагы жетишсиздиктерди терең талдоосу менен аныкталат. Диссертациянын практикалык сунуштары Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук базасын өркүндөтүү, конституциялык принциптерди бекемдөө жана мамлекеттик органдар менен жергиликтүү башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын так ажыратуу максатында иштелип чыккан.

Изилдөөнүн жыйынтыктары, жактоого чыгарылуучу негизги жоболор жана практикалык сунуштар илимий негиздүүлүгү менен айырмаланып, өлкөдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өнүктүрүү зарылдыгын баса белгилейт. Ошондуктан, Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин диссертациялык ишин талкууда колдоону жана аны юридикалык илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга сунуштоону өтүнөм.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Рахмат Урмат Олжобекович! Анда расмий сынчыларга сөз берели. Рецензенттер, өз оюңуздарды, сунуштар жана сын-пикирлер болсо, айтышыңыздарды өтүнөм. Сөз рецензент ю.и.д., профессор Муратбекова Салтанат Муратбековнага берилет.

**Рецензент: ю.и.д., профессор Муратбекова С.М.:** Урматтуу кесиптештер! Бул диссертациянын темасы бүгүнкү күндө өзгөчө маанилүү жана актуалдуу экендиги шексиз. Иште илимий жана практикалык мааниге ээ болгон олуттуу маселелер терең талданып, алардын чечүү жолдору сунушталган. Менин оюмча, бул изилдөө мындан ары дагы кеңейтилүүгө жана тереңдетүүгө татыктуу.

Рецензенттин негизги милдети – изденүүчүгө өзүнүн ишин жакшыртуу үчүн конструктивдүү сунуштарды берүү болуп саналат. Ошондуктан, мен дагы Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин диссертациялык иши боюнча бир нече ойлорду жана сунуштарды билдирип кетким келет.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик башкаруу системасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу институту өзгөчө мааниге ээ. Диссертацияда анын конституциялык-укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери терең изилденип, учурдагы көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору көрсөтүлгөн. Изилдөө административдик-аймактык реформа шартында жергиликтүү бийлик органдарынын укуктук негиздерин бекемдөөгө багытталган.

Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бүгүнкү кезеңдеги өнүгүүсү бир маанилүү кесепет менен сипатталат – жергиликтүү бийлик тармагынын уюштурулушу. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул жөн гана аттарды өзгөртүү эмес, биринчиден, жергиликтүү коомчулук мүчөлөрүнүн өз шаарларында же айылдарында өз алдынча же кардар болгон изилденген өкүлдөр аркылуу өзүнүн иш-аракеттерин көзөмөлдөө жана жергиликтүү ишке ашыруучу бийлик органдарынын ишмердүүлүгүн контролдоо үчүн жүргүзүлгөн системалуу орган. Бул муниципалдык территориялык башкаруу маселесин чечүүгө багытталган көз караш жергиликтүү башкаруунун негиздерин коргоого, жергиликтүү башкаруу структурасынын ролун кайра карап чыгууга жана алардын мамлекеттик бийлик жана башка деңгээлдеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен курчап туруучу татаал иерархиялык байланыштар системасын кайрадан баалоого тийиш.

Изденүүчү Ж.Б. Кыдыралиев «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» темасында толук жана өз алдынча изилдөө жүргүзгөн, бул ата мекендик укук илиминде жаңы жана актуалдуу болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөөнүн максатарына ылайык Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун комплекстүү талдоо жана алардын укуктук жөнгө салуусун жана уюштуруучулук негиздери системалуу жана комплекстүү изилденген.

Изилдөөнүн максатына ийгиликтүү жетүү үчүн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык-укуктук негиздерин ар тараптуу талдоодон турган милдеттер иштелип чыккан.

Коргоого чыгарылган жоболор негиздүү мүнөзгө ээ болуп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнго салуучу мыйзамдарды комплекстүү изилдөө боюнча теориялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгууларды негиздөөгө кызмат кылат, мурда илимий жүгүртүүгө киргизилбеген, бир катар маселелерди көтөрүп, ушул убакка чейин илимий чагылдыруусун тапкан эмес. Коргоого чыгарылган жоболор так, логикалык жактан аяктаган система жана түзүмдүү болуп саналат. Натыйжада, иш өз алдынча мүнөзгө ээ болуп, мыйзамдарды унификациялоо боюнча бар болгон илимий билимдердин мазмунун жана натыйжаларын кеңейтет жана диссертанттын изилденген темага жеке салымын күбөлөндүрөт.

Автор алгачкы жолу ЖӨБ органдарынын укуктук статусун административдик-аймактык реформа шартында комплекстүү изилдеп жана мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды берген.

Изилдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук табиятын жана алардын мамлекет менен болгон мамилесин ар тараптуу карайт. Автор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык жана укуктук негиздерине байланыштуу бир катар жаңы сунуштарды берет. Алсак, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук жөнгө салынышын жакшыртуу боюнча мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү маселеси актуалдуу жана автор тарабынан негиздүү каралган.

Автордун иштелип чыгарган чечимдеринин бирден бири – илимий жаңылыгы. Диссертант административдик-аймактык реформанын шарттарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусун комплекстүү түрдө изилдөөнү жүргүзгөн. Ал эми, Конституцияга өзгөртүүлөр киргүзүү аркылуу ЖӨБ системасын өнүктүрү үчүн сунуштары берген. Бул сунуштар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынча эркиндигин жогорулатып, алардын жоопкерчилигин күчөтөт.

Ошондой эле, автор туруктуу жана натыйжалуу жергиликтүү өз алынча башкаруу системасын ишке ашыруу үчүн KPI системасын киргүзүүнү сунуштайт. Бул система муниципалдык кызматкерлердин ишмердүүлүгүн баалоого жана аны жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Илимий жактан алганда, изилдөө Кыргыз Республикасынын конституциялык жана муниципалдык укуктарынын өнүгүшүнө өз салымын кошот. Практикалык жактан алганда, иштин жыйынтыктары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга жардам берет. Ошондой эле, диссертациянын материалдары мамлекеттик башкаруу жана укук жаатында окуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда жалпы илимий, жеке илимий жана атайын илимий методдор колдонулган. Мисалы, диалектикалык, тарыхый, салыштырмалуу-укуктук анализдер пайдаланылган. Бул методдор авторга көйгөйлөрдү терең изилдөөгө жана конкреттүү чечимдерди өнүрүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Мисалы, ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн баалоо үчүн KPI системасын

киргүзүү жана алардын финансалдык камсыздоону жакшыртуу боюнча сунуштары туурактуу жана практикалык тараптан колдонулушу мүмкүн.

Практикалык мааниси да аныкталган. Диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында «Конституциялык укук», «Административдик укук», «Муниципалдык укук» дисциплиналарын окутууда, окуу куралдарын жана окуу китептерин даярдоодо колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле, ал мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртууга да багытталган.

Мунун баары Ж.Б. Кыдыралиев илимий изилдөөнү аткарууга олуттуу жана негиздүү, жетиштүү деңгээлде кесипкөйлүк менен мамиле кылганын көрсөтүп турат. Диссертант тарабынан диссертациянын темасынын актуалдуулугу өз алдынча аныкталган, изилдөөнүн максаттары жана милдеттери түзүлгөн жана диссертациянын коргоого коюлган жоболору чыгарылган. Диссертациялык изилдөө ишиндеги негизги илимий жыйынтыктар, коргоого чыгарылып жаткан жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар автордун жеке өзү тарабынан иштелип чыккан.

Диссертация киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, жыйынтыктардан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесине жана тиркемеден турат.

«Кыргыз Республикасынында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык моделинин өзгөчөлуктөру» аталыштагы биринчи бөлүмдө дисертант тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түшүнүгү жана белгилери, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги конституциялык принциптер жана Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык-укуктук статусунун пайда болушу жана өнүгүүсү изилденген.

Экинчи бөлумдө Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын уюштурулушун жана ишмердүүлүгүн изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери каралган. Изилдөөнүн объектиси катары диссертант тараптан – Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусу жана алардын уюштуруучулук негиздери аныкталган. Изилдөөнүн предмети болуп ЖӨБ органдарынын статусу, ыйгарым укуктары, уюштуруучулук түзүмү жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү механизмдерин жөнгө салуучу конституциялык-укуктук нормалар белгиленген.

Илимий иштин маанисине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эволюциясына, пайда болуусу, өнүгүүсү боюнча С.А.Авакян, С.Н. Ревин, К.А. Черкесов, Е.С. Шугрина, А.Д. Сафронов ал эми жергиликтүү бюджеттеги көйгөйлөр тууралуу маселелрге Ю.Г.Калянова, А.Н. Кокотов сыяктуу окумуштуулардын иштеринде каралган.

Кийинки үчунчү бөлүм «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору» деп аталып, үч бөлүмдөн туруп, анын жыйынтыгы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү мыйзамдуулук,

тартип жана жоопкерчилик, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук макамынын бекитилиши жана мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлуп берилген ыйгарым укуктары талдалган.

Корутундуда изилдөөчү тарабынан изилдөө учурунда алынган негизги тыянактар чыгарылган. Жалпысынан сунушталган изилдөөнү оң баалап, айрым эскертүүлөрдү кошумча талкуулоо жана негиздөө керектигин белгилөө керек.

**Диссертациянын артыкчылыктары**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук статусун ар тараптуу жана терең изилдөө.
2. Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык реформага байланыштуу жергиликтүү бийлик органдарынын ишмердүүлүгүнө тийгизген таасирин анализдөө.
3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин аныктоого багытталган мыйзамдык сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациялык ишти бүтүндөй оң баалап жатып, айрым кемчиликтерди жана талаштуу жагдайларды белгилеп кетүү зарыл:

1. Авторго техникалык мүнөздөгү сунуштар: Диссертациянын актуалдуулугун дагы кеңейтүү жана негиздөө керек. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдыча башкаруу органдары тармагындагы маселелерди изилдеген окумуштуу-юристтердин илимий эмгектеринин салымын көбөйтүү зарыл.

2. Диссертациялык изилдөөдө ар бир параграфы боюнча корутундуларды конкреттештирүү менен аларды тактоо зарыл.

Бирок, бул сын-пикирлер накта дискуссиялык мүнөздө жана диссертациялык изилдөөнүн жогорку деңгээлине жана аброюна таасир тийгизбейт, ал эми иштин өзү жогорку илимий мааниге ээ.

Жалпысынан Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» аттуу диссертациялык иши жогорку илимий жана практикалык мааниге ээ. Изилдөө 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына коюлган талаптарга жооп берет. Автор аталган даражага татыктуу деп эсептелет.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Сөз рецензент ю.и.к., доцент Мамасаидов Алимардонбек Махаммаджановичке берилет.

**Рецензент: ю.и.к., доцент Мамасаидов А.М.:** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана алардын уюштуруучулук негиздерин изилдөөгө багытталган. Административдик-аймактык реформанын алкагында муниципалдык түзүмдөрдү ирилендирүү жана алардын ишин

оптималдаштыруу шартында, жергиликтүү өз алдынча башкарууну укуктук жөнгө салуу маселеси өзгөчө мааниге ээ болууда. Диссертация жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусун, алардын мамлекеттик органдар менен болгон мамилесин жана ишмердүүлүгүнүн негизги аспектилерин талдоого алган.

Автор Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук табиятын жана эволюциясын кеңири талдаган. Изилдөөдө конституциялык жана мыйзамдык нормаларга, ошондой эле ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук статусу, ыйгарым укуктары жана уюштуруучулук негиздери каралган. Автор белгилегендей, бул багытта жетиштүү мыйзамдык база бар болгонуна карабастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндө бир катар көйгөйлөр бар жана аларды илимий негизде изилдөө зарыл.

Изилдөөчү Ж.Б. Кыдыралиев «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» темасы боюнча толук жана өз алдынча изилдөө жүргүзгөн, бул ата мекендик укук илиминде жаңы жана актуалдуу болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөөнүн максатына ылайык Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун комплекстүү талдоо жана алардын укуктук жөнгө салуусун жана уюштуруучулук негиздерин системалуу жана комплекстүү изилдөө жүргүзүлгөн.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык-укуктук негиздерин ар тараптуу талдоодон турган милдеттер белгиленген.

Коргоого чыгарылган жоболор негиздүү мүнөзгө ээ болуп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдарды комплекстүү изилдөө боюнча теориялык жана практикалык сунуштарды негиздөөгө кызмат кылат. Коргоого чыгарылган жоболор логикалык жактан аяктаган жана түзүмдүү болуп саналат.

Автор алгачкы жолу ЖӨБ органдарынын укуктук статусун административдик-аймактык реформа шартында комплекстүү изилдеп, мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды берген.

Изилдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук табиятын жана алардын мамлекет менен болгон мамилесин ар тараптуу карайт. Автор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык жана укуктук негиздерине байланыштуу бир катар жаңы сунуштарды берет. Ал эми, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук жөнгө салынышын жакшыртуу боюнча мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү маселеси актуалдуу жана автор тарабынан негиздүү каралган.

Диссертациянын илимий жаңылыгы анын комплекстүү анализинде чагылдырылат. Автор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусун жана уюштуруучулук негиздерин так аныктоо менен,

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын негиздейт. Ошондой эле, жергиликтүү өз алдынча башкарууну институционалдык жактан бекемдөө жана муниципалдык кызматкерлердин жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча конкреттүү сунуштар берилген. Эмгектин илимий жаңылыгы ЖӨБ органдарынын укуктук статусун административдик-аймактык реформа шартында комплекстүү изилдөөдө жана мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууда жатат. Автор ЖӨБ органдарына автордук аныктама берип, алардын конституциялык принциптерин системалаштырган жана тарыхый өнүгүү этаптарын бөлүп көрсөткөн. Ошондой эле, мыйзамдарга жаңы түшүнүктөрдү киргизүү (мисалы, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары» терминин тактоо) жана аткаруу жетекчилерин түз шайлоо системасын сунуштоо илимий жаңылык катары бааланат.

Изилдөөнүн теориялык мааниси – жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө укуктук билимди системалаштыруу жана бул багыттагы укуктук карама-каршылыктарды аныктоо. Практикалык мааниси – иштин жыйынтыктары жергиликтүү өз алдынча башкарууну укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү, тиешелүү мыйзамдык актыларды иштеп чыгуу жана муниципалдык башкарууну реформалоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Диссертациянын материалдары жогорку окуу жайларында конституциялык жана муниципалдык укук боюнча сабак өтүүдө да колдонулушу мүмкүн.

Изилдөө диалектикалык, тарыхый, салыштырма-укуктук жана системалык талдоо методдоруна таянат. Эл аралык тажрыйба (Франция, Германия) жана Кыргызстандын улуттук мыйзамдары салыштырылып, көйгөйлөрдү чечүү үчүн ыңгайлаштырылган чечимдер сунушталган. Методологиянын тандалышы теманы терең изилдөөгө жана практикалык сунуштарды негиздөөгө мүмкүндүк берген.

Диссертация үч бөлүмдөн, киришүүдөн, корутунду жана колдонулган адабияттар тизмесинен турат. Биринчи бөлүмдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теоретикалык жана укуктук негиздери, анын тарыхы жана өнүгүү тенденциялары каралган. Экинчи бөлүмдө Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук базасы жана анын мамлекеттик бийлик менен болгон өз ара мамилелери талданган. Үчүнчү бөлүмдө практикалык маселелер, укуктук көйгөйлөр жана алардын чечүү жолдору сунушталган.

Диссертациянын артыкчылыктары изилдөөнүн комплекстүү мүнөзгө ээ экендигинде, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын уюштуруучулук негиздери жана конституциялык статусу боюнча теориялык жана практикалык маселелерди камтыйт, автор тарабынан мыйзам базасы кеңири талданган, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн укуктук нормалары салыштырмалуу талданган, 2024-жылдагы административдик-аймактык реформанын жергиликтүү өз алдынча башкарууга тийгизген таасири терең изилденген жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштар берилген.

Ж.Б. Кыдыралиев тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө, өз максаттарына жеткен аяктаган иш болуп саналат, бирок, төмөнкү деталдарга токтолуу зарыл:

1. Диссертацияда автор тарабынан мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын так ажыратылышынын жоктугу көрсөтүлөт, бул өз кезегинде функциялардын кайталанышына жана укуктук коллизияларга алып келет, ошондуктан диссертантка илимий ишинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына гана тиешелүү конкреттүү ыйгарым укуктарды так аныктоо керек деп эсептейбиз.
2. Муниципалдык кызмат институтунун пайда болушу, биринчи кезекте, Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун калыптанышы жана өнүгүшү менен шартталган, бул өзгөчө жана белгилүү деңгээлде өз алдынча коомдук башкаруу деңгээли болуп саналат, ушул себептен муниципалдык кызматтын укуктук статусун жана анын мамлекеттик кызмат менен өз ара байланышын кененирээк ачып берүүнү сунуштайбыз.

Бирок, бул сын-пикирлер накта дискуссиялык мүнөздө жана диссертациялык изилдөөнүн жогорку деңгээлине жана аброюна таасир тийгизбейт, ал эми иштин өзү жогорку илимий мааниге ээ.

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин диссертациялык иши – Кыргыз Республикасынын конституциялык жана муниципалдык укугуна салым кошкон илимий эмгек. Изилдөө 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына талап коюлган талаптарга жооп берет жана автор аталган даражага татыктуу.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** кийинки рецензент ю.и.к., Абдраманов Адилет, жыйынга катыша албай калгандыгына байланыштуу, рецензияны окумуштуу катчы Мукамбетова Нургуль Кадыркуловна окуп берип койсун.

**Мукамбетова Н.К.:** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул демократиялык мамлекеттин маанилүү институттарынын бири болуп саналат. Кыргыз Республикасында бул институттун укуктук макамы, анын өнүгүү тенденциялары жана учурдагы көйгөйлөрү өзгөчө актуалдуулукка ээ. Диссертацияда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук негиздери, анын конституциялык статусу жана уюштуруучулук маселелери ар тараптуу каралган. Изилдөөнүн актуалдуулугу, айрыкча, Кыргыз Республикасында жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик башкаруу реформаларынын шартында дагы да күчөйт.

Илимий жаңылыгы жана мааниси. Автор тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук табияты жана мамлекеттик бийлик органдары менен болгон өз ара мамилелери боюнча терең изилдөө жүргүзүлгөн. Илимий жаңылык катары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун концепциясы жана анын өнүгүү механизмдери боюнча жаңыча сунуштар келтирилген. Изилдөөдө конституциялык ченемдерди өркүндөтүү

жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын так аныктоо боюнча практикалык сунуштар берилген.

Практикалык мааниси жана колдонулушу. Диссертациянын практикалык мааниси анын жыйынтыктарын мамлекеттик органдар, муниципалдык башкаруу органдары жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү өз иштеринде колдоно ала тургандыгында. Ошондой эле, иштин илимий жыйынтыктары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук негиздерин өркүндөтүү, мыйзамдарды жаңыртуу жана жаңы реформаларды жүргүзүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

Иштин негизги артыкчылыктары жана сунуштар:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук статусуна кеңири жана объективдүү талдоо жүргүзүлгөн.
- Кыргыз Республикасынын конституциялык жана мыйзамдык базасынын деталдуу изилдениши.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча так сунуштар берилген.
- Изилдөөнүн практикалык колдонулушу жогорку деңгээлде.
- Диссертацияда чет мамлекеттердин тажрыйбасын кеңири камтуу пайдалуу болмок.
- Муниципалдык кызматтын укуктук макамы жана мамлекеттик бийлик менен болгон байланышы тереңирээк каралышы керек.
- Каржылык автономиянын маселеси жана жергиликтүү бюджеттердин көз карандылыгын азайтуу боюнча кошумча сунуштар берилсе жакшы болмок.

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери" аттуу диссертациясы илимий негиздүү, теориялык жана практикалык жактан маанилүү болуп эсептелет. Диссертация илимий талаптарга жооп берет жана автор юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептелет.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Чыгып сүйлөөгө башка каалоочулар жок болсо, изденүүчү Ж.Б.Кыдыралиевге сөз берилет.

**Изденүүчү Кыдыралиев Ж.Б.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары, урматтуу рецензенттер! Алгач, бүгүнкү талкууну уюштургандыгыңыздар үчүн, диссертациялык изилдөөмдүн сапатын жакшыртуу максатында баалуу сын-пикирлерди жана пайдалуу сунуштарды билдиргениңиздер үчүн, ошондой эле мага көрсөткөн колдооңуздар үчүн терең ыраазычылыгымды билдирем.

Талкуу учурунда айтылган бардык пикирлерди жана сунуштарды илимий жетекчим менен биргеликте кылдаттык менен талдап чыгабыз. Ишти мындан ары дагы өркүндөтүү үчүн сунушталган ойлорду сөзсүз эске алып, диссертациялык изилдөөгө тиешелүү болгон өзгөртүүлөрдү киргизүүгө аракет кылабыз. Барыңыздарга чоң рахмат!

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары, урматтуу изденүүчү! Диссертацияга карата айтылган сунуштар менен сын-пикирлер сунуштама мүнөзүндө болгондуктан, жалпы оң баа берүү диссертацияга эч кандай таасирин тийгизбей тургандыгын белгилеп кетейин.

Ушуну эске алуу менен, Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» деп аталган диссертациялык темасы боюнча жазылган ишти коомдук коргоого жана андан ары диссертациялык кеңешке кароого жөнөтүүнү сунуштайм.

Эгерде сиздерде каршы пикирлер же башка сунуштар жок болсо, анда добуш берүүгө өтөлү. Урматтуу катышуучулар, добуш берүүңүздөрдү өтүнөм.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

Баардыгы «макул»,

«каршы» жок,

«калыс» жок.

## КОРУТУНДУ:

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн изденүүчү диссертациялык ишин угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун Мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмү, саясий изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмү жана мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу жана экспертиза бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынынын чечиминин негизинде төмөнкүдөй корутунду чыгарылды:

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана алардын уюштуруучулук негиздерин изилдөө эң актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы мамлекеттик башкаруунун ажырагыс бөлүгү катары коомдук өнүгүүнүн маанилүү фактору болуп эсептелет. Бирок, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук макамы, мамлекеттик органдар менен болгон өз ара мамилеси жана каржылык көз карандысыздыгы боюнча дагы деле толук жана комплекстүү изилдөөлөр аз. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук жөнгө салынышы өлкөдөгү административдик-аймактык реформа, мамлекеттик жана жергиликтүү органдардын ыйгарым укуктарын так ажыратуу жана муниципалдык башкаруунун финансылык базасын бекемдөө маселелеринин алкагында дагы да терең талдоону талап кылат.

Бул жагдайлар изденүүчү Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин тандалган изилдөө темасынын актуалдуулугун дагы бир жолу тастыктап, анын илимий жана практикалык маанисин бекемдейт.

Диссертациялык иштин «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын жобосундагы адистиктин шифрине жана талаптарына шайкештиги.

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» деп аталган диссертациялык темасы боюнча изилдөө иши 2022-жылдын 18-январындагы №12 Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен бекитилген «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» жобонун II бөлүмүнүн 11-пунктунун талаптарына жооп берет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун Мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмү

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун 12.00.02 − конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» деген темада жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун Мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмүнүн корутундусу бекитилсин.
2. Айтылган сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы 12.00.02 − конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча коомдук коргоого сунушталсын.
3. Кыдыралиев Жаныбек Болотовичке 12.00.02 − конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрайымы, ю.и.к.** **Калиева Г.У.**

**Окумуштуу катчы:** **Мукамбетова Н.К.**